Автоунаа жана тейлөөнүн технологиясы факультетинин окумуштуулар кеңешинин чогулушунун № 1 токтомунун көчүрмөсү

2022-жылдын "29" сентябры

Катышты: Окумуштуулар кеңешинин __13__ мүчөсүнөн _13___.

Кун тартибинде каралуучу маселелер:

1. НББНын күтүлүүчү натыйжаларын талкуулоо.
2. Билим берүү программасыннын максатын (миссиясы) талкуулоо.
3. Ар түрдүү маселелер.

АТжТТ факултетинин деканы, окумуштуулар кенешинин төрөгасы т.и.к., проф. Жоробеков Б.А. сөзгө чыгып күн тартибиндеги масалелер менен тааныштырып өттү.Студентерге (негизги билим берүү программасы) жөнүндө түшүнүк берди жана кийинки сөздү ТЛиТТ кафедрасынын башчысы Касымалиев Б.М. сөз берди.

Б.М.Касымалиев: Баарынар билсеңер керек Университеттин миссиясы бар. Миссиясын ким айтып берет.

Орозбаев М.Т.: Экономика,өндүрүш,техника жана технологиялар тармагын көтөрүүнү, өнүктүрүүнү көздөгөн улуттук жана эл аралык эмгек рыногу үчүн өз чөйрөсүндө мыкты жана керектүү адистерди даярдап берүү.

Б.М. Касымалиев: Азаматсыз Мурат Төлөнөвич. Биз баарыбыз университеттин миссиясын билишибиз керек. Миссияда айтып жатат экономика,өндүрүш,техника жана технологиялар тармагын көтөрүүнү, өнүктүрүүнү көздөгөн улуттук жана эл аралык эмгек рыногу үчүн өз чөйрөсүндө мыкты жана керектүү адистерди даярдап берүү дэп. Ар бир багыттын же адистиктин өзүнө тиешелүү болгон НББПсы болот. Мында силер студент болгондон баштап бүткөнүңөргө чейинки бардык нерселер камтылган. "Транспорттук-технологиялык машиналарды жана комплекстерди эсплуатациялоо" багытынын НББПсында НББПнын максаты коюлуп жана күтүлүүчү натыйжалары берилген.

Транспорттук-технологиялык машиналарды жана комплекстерди эсплуатациялоо" багыты боюнча миссия кызуу талкууланып, төмөнкүдөй жыйынтык чыгарылды.

Транспорттук-технологиялык машиналарды жана комплекстерди эсплуатациялоо" багытынын максаты болуп төмөнкүлөр эсептелинет:

**М1.** Жогорку багыттарга билим берүүдө компетенттүүлүк мамиле менен студенттердин социалдык-инсандык сапаттарын, адептик жана маданий баалуулуктарын калыптандыруу; бүтүрүүчүлөрдө жалпы билим берүү дисциплиналарын, экологиялык, экономикалык, математикалык жана техникалык билимдерди окутуунун натыйжасында мамлекеттик жана расмий тилдерде иш кагаздарды колдонуу менен иштей алган, англис тилиндеги маалыматтарды колдоно алуу жөндөмдүүлүгүнө ээ болгон интеллектуалдуу, маданияттуу жана ата-мекенди сүйгөн патриот инсанды тарбиялоо.

**М2.** Бүтүрүүчүнүн кесипкөй иш жүргүзүүсүн калыптандыруучу атайын тереңдетилген теориялык жана практикалык билим берүү менен, адисти долбоорлоого, 670200.Транспорттук-технологиялык машиналарды жана комплекстерди эсплуатациялоо багытында Транспорттук-технологиялык машиналарды пайдаланууну, жаңы технологияларын өздөштүрүүгө, конструкциялоого жана материалдык техникалык каражаттарды аныктоого, тандоого, колдонууга, жалпы эле билимдерин практикада колдоно билүүгө жана ар дайым өзүн өстүрүүгө үйрөтүү.

**М3.** Ишмердүүлүк чөйрөдө колдонулуучу транспорттук технологияларды долбоорлоонун технологиясын, конструкциясын түзүүнү, даярдоону жасай ала турган, тармака байланышкан жаңы программаларды, техникалык каражаттарын өздөштүрө алган жөндөмдүүлүктөрүн калыптандыруу.
**М4.** Өз алдынча жана командада иштей ала турган, кесипкөй, өз ишинин нормаларын так билген, коомдук баалуулуктарды, мекемелердин ресурстарын коргой жана баалай билген, техникалык экономикалык көрсөткүчтөрдү эсептөөгө жана аларды натыйжалуу баалоого катыша алган ишенимдүү, жоопкерчиликтүү, сабаттуу, иш билги адисти даярдоо.

Чечим:

1. Жогорудагыларды эске алып НББП иштелип чыгылсын.
2. Билим берүү программасынын максаттары түзүлсүн.

АжТТ факультетинин
окумуштуулар кенешинин төрөгасы т.и.к., проф. : Жоробеков Б.А.

Катчысы: Эргеш уулу Б.